# Кыргыз элинин мыкты уулу Султан Ибраимов жөнүндө

1980-жылы 29-30-ноябрда Фрунзеде дан жана жашылча өндүрүүчүлөрдүн республикалык жыйыны болду. Совет районунан бир топ адамдар жана райисполкомдун төрагасы катары мен да чакырылган элем. Чогулуштун президиумунун составына мени да көрсөтүшүп, чогулушка киргиле деп калышты. Мен эң акырында кирип, президиумдун арткы орундарына олтурам десем, тескерисинче арткы орундар баары толуп, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Турдакун Усубалиев менен Кыргыз ССР министрлер советинин төрагасы Султан Ибраимов олтурган жерде гана орун калыптыр. Ошол жерге олтурууга туура келди.


Т.Усубалиев трибунада доклад жасап жатканда, Султан Ибраимов арт жакка кылчайып карап мени көрүп «перерывда кетпей тур» деди. Бул сөздү укканда кийин «мага эмне деген сөз айтат экен» деп оюм ар нерсеге кетти. Тыныгуу болгондо Борбордук Комитеттин бюро мүчөлөрү чыгып кетишти. Султан Ибраимов мени менен учурашып, «эмнеге кабарың чыкпай кетти, звонок кылбайсың» деди. «Султан Ибраимович, менин сизге айта турган сөздөрүм бар эле, телефон чалсам катчыңыз же жардамчыңыз бош эмес деп кошпойт,

пландарына ынанып, адамдар менен кандай сүйлөшүп, өзүн кандай кармаганын көрүп, ошолорду өзүбүзгө алып, Султан Ибраимовичтей болсок деген үмүт жаралып, ал кишини өзүбүзгө үлгү, тарбиячы катары кабыл алдык. Комсомолдук кызматтан райондук элдик контролдоо комитетинин төрагасы, райисполкомдун төрагасынын орун басары болуп которулганымда айткан кеңештери, ал кишинин алдында уят болуп калбайын, ишеничин актайын деген сезимдерди туудургандыгы, ар бир адамдын жөндөмүнө жараша милдет кое алгандыктын белгиси экендигин кийин баамдабадыкпы.

Жетекчилик кызматта жүргөндөрдүн баары эле өзүнүн кетирген катачылыгын сезип, мойнуна алып,







СССР таркагандан кийин иштебей калып талкаланган Оштогу текстиль комбинаты, Абшыр көмүр тилкеси, Кызыл-Кыя бут кийим фабрикасы, Өзгөндөгү кургатылган сүт заводу, бүгүнкү күнү элге кызмат кылып жатышкан Кара-Суудагы ун комбинаты, Төрт-Күл жана Папан суу сактагычтары, Ош-Папан жолу, Оштогу драма театры, Обком менен облисполкомдун имараттары, Оштогу облустар аралык оорукана, жүздөгөн орто жана музыкалык мектептер, оорукана жана поликлиникалар, район, шаарлардагы көп кабаттуу үйлөр Султан Ибраимовичтин түздөн-түз жетекчилиги менен бүткөрүлгөн иштер. Эл арасында унутулуп бара жаткан «Ыр кесени» кайрадан жандандырып, аны өздүк көркөм

кыргыз радиосунун биринчи каналында жана кыргыз телекөрсөтүүсүндө С.Ибраимов жөнүндө айткан тарыхый сөздөрү эмне деген залкар сөздөр. Ошолор да Султан Ибраимов менен бирге иштешип, ал кишинин тарбиясын алгандар. Ушундай эле ой-пикирлерди А.Карашев, Б.Нурумбетов, Э.Касымалиев, Б.Мурзубраимов, М.Нургазиев, А.Мырзакаримова, А.Тажибаев жана башка Жогорку Кеңешинин депутаттары айтышып, Султан Ибраимовичти көп эскеришет. Мындай адамдар Кыргызстан боюнча он миңдеп саналат. Мына ушундай залкар жана камкор жетекчи, талантуу уюштуруучу жана насаатчы, мамлекеттин жана элинин келечегин ойлогон даанышман менен жакын болуп, анын жетекчилигинде иштеп, кызмат өтөп, бүгүнкү күндө Султан Ибраимовичтен алган таалим-тарбиябызды кийинки муундарга өткөрүп берүүдө жүргөн адамдар жолукканда сөз кылабыз, эгерде Султан Ибраимович болгондо 1990-жылдагы өзбек-кыргыз окуясына жол берилбейт эле, Кыргызстан эгемендүүлүккө жетти деп кашыктап чогулткан мүлктөрдү чөмүчтөп чачпастан түзүлгөн материалдык-техникалык базаны сактап, Кыргызстан мамлекети өнүккөн мамлекет болот эле деп. Эмне кылат элек, тагдыр да!





жардамчыңыз бош эмес деп кошпойт, кирейин десем киргизишпейт» десем, колу менен бюро мүчөлөрү олтурган жерди көрсөтүп, бир жума отпускам калган, булар Көлгө барып эс алып кел деп зордоп жатышат. Мен эртең Москва районуна барып, түштөн кийин Көлгө кетем, 3-4 күндөн соң кабыл алуудагыларды, жардамчымды эскертип коем, телефон чалып анан келгин, сүйлөшө турган сөздөр бар» деп айтты. Мага кандай сын-суңуш айтат деп кооптонгон жаным Султан Ибраимовичтин бул сөздөрүнөн кийин толкунданып, күч-кубат кошулуп, бутум жерге тийбей эле басып калгандай болдум. Кара-Кулжага келип эртерээк эле күн өтүшүн күтүп калдым. 4-декабрь күнү эртең менен жумушка келсем, КГБнын райкомдук бөлүмүнүн жетекчиси Туртемир деген жигит күтүп туруптур, өңү суз, бир нерседен түйшүктөнгөндөй түрү бар. Учурашкандан кийин «Орозбек Кулмаматович, түндө Чолпон-Атада Султан Ибраимовичти атып кетишти» дегенде, оозума сөз келбей нес болуп калдым. «Тиешелүү иштерди жүргүзүү боюнча буйрук берилди, бул ишти кароо боюнча, Москвадан да келише турган болду» деди.

Султан Ибраимов 1968-жылы 22-январда партиянын Ош обкомуна биринчи секретарь болуп шайланганда, мен Өзгөн райком комсомолунда биринчи секретарь элем. Облустун, райондун жыйындарында сөзүн угуп, ишти уюштурууларын көрүп, кыргыз эли үчүн келечекте чоң иштерди жасай турган ондой албайт. Султан Ибраимовичте бул сапат өзгөчө күчтүү болуп, Ош облусу гана эмес, жалпы Кыргызстан, Москвадагы борбордук комитетинде кадыр-баркынын өсүшүнө көмөк болгон.

Өзгөн районунда райкомдун биринчи секретары Бейше Жапаров Тоң районуна которулуп кеткенде райондо жаңыдан келген жетекчи бирөөлөрдүн тилине кирип, мени обкомдун экинчи секретарына айтып, кызматтан бошоттурган. Кийин Султан Ибраимович мени чакырып сүйлөшүп, обкомдун айыл чарба бөлүмүнө кызматка алып жатканда, «эмне үчүн сен мени туура эмес бошотуп жатасыңар деп мага кирбедиң» деди. Көрсө менин үстүмөн топтолгон текшерүүнүн материалдарын өзү карап чыгып, бул кадр маселеси туура эмес чечилиптир деп билиптир. Анан мени обкомго кызматка алды. Кыска ойлуу, адамдын тагдырына кайдыгер, бир жактуу караган жогорку кызматка капысынан келип калган жетекчилердин субъективдүү чечимдерине мага окшоп туш келип кызматынан четтетилип калып, кийин Султан Ибраимович тарабынан кайра калыбына келтирилген ондогон адамдарды билем. Алардын арасында Талас жана Нарын обкомдорунун биринчи секретарлары, өнөр жай министри, айыл чарба министри, райондук, шаардык аткаруу комитетинин жетекчилери болгон. Ошондой тагдырлуу адамдар жолугушуп калганда адилеттүүлүк менен калыстыктан жазбаган Султан Ибраимович ошол мезгилде эле коррупцияга каршы күрөштү баштагандыгы жөнүндө айтып калабыз.

Султан Ибраимов Кыргыз мамлекетинин фундаментин бекемдеп, жергебиздеги болгон табият ресурстарын иштетүүгө багыт алып, республиканын материалдык-техникалык базасын түзүүгө жасаган аракеттери менен миңдеген гектарларды түзгөн жаңыдан өздөштүрүлгөн сугат жерлер, каналдар, суу сактагычтар, завод-фабрикалар, комбинаттар, өндүрүшкө киргизилген жаңы технологиялар жана техникалар, кол эмгегин азайткан комплекстүү механизациялаштырылган процесстер, малдардын жакшыртылган породалары, өсүмдүктөрүнүн жаңы сорттору ишке киргизилген. Өндүрүштүк жана техникалык процессти гана эмес, адамдардын кулк-мүнөзүн калыптандырып, аларды мекенин сүйүүгө, элдин каада-салтын заман талабына ылыйыкташтырууга, адабият жана искусство тармактарын колдоп, кыргыз элинин маданиятын эл аралык деңгээлге көтөрүп, адамдардын СССРдин ичинде гана эмес, чет мамлекеттерге да барып жүргөндүктөрү Султан Ибраимовичтин көп кырдуу жетекчи экендигин далилдейт.

чыгармачылык деңгээлден жогору көтөрүп, ар бир айылдын, район, шаардын өнүп-өсүү жолун көрсөткөн, каада-салтын, үрп-адатын чагылдырган бүткүл элдик кыймылга айландырган.

Султан Ибраимовичтин кадрларды тандоодо, жайгаштырууда жана тарбиялоодо өзүнө гана таандык болгон өзгөчө касиети бар эле. Ал кичи тапшырма бериштен мурун анын материалдык, финансылык, экономикалык жагдайларын, аткара турган адамдын уюштуруучулук жана профессионалдык жөндөмү жетеби, бул иштин моралдык-нравалык аспектиси кандай болот деп терең ойлонсо керек, ошондуктан бул кишинин тарбиясын алган кадрларда, берилген тапшырманы аткара албай калуу деген эч убакта болгон эмес. Күчкө салып, коркутуп сүйлөп, кызматка асылуу деген ыкмалардан, улутка, урууга, регионго бөлгөндөн таптакыр алыс эле. Султан Ибраимовичтен тарбия алган кадрлар бүгүнкү күндө да эл арасында кадыр-баркта жүрүшкөнү, оозорунан ал кишинин атын түшүрбөгөндүгү кадр менен иштөөнүн тууралыгын, тереңдигин жана узактыгын көрсөтүп турат. Кечээ жакында эле Кыргызстанга белгилүү болушкан С.А. Аблесов, М.Ибраев, М.Айбалаев, И.Жусубалиев, К.Мусуралиев, Ж.Ч.Ташибековалардын эле деп. Эмне кылат элек, тагдыр да!

Султан Ибраимов көрүнүктүү коомдук, мамлекеттик жана саясий ишмер катары өз элине таасирдүү жана татыктуу кызмат кылуу менен бирге өмүрлүк жары Рева Касымовна менен бирге тарбиялаган уул-кыздары «жакшы атанын баласы», «жакшы эненин тарбиясын алган» дедиртип, кыргыз мамлекетинин өнүп-өсүшүн камсыздоодо, ар кандай жооптуу кызматтарды аткарып, эл ичинде Султан Ибраимовичтин сый-урматын, кадыр-баркын түшүрбөй, таза кармап келе жаткандыгы бизди кубандырат. Уулу Эрмек Кыргыз Республикасынын Австриядагы толук ыйгарымдуу элчиси, кызы Эльмира Кыргыз Республикасынын эсептөө палатасынын төрайымы болуп иштешүүдө, кызы Айнура Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министринин орун басары болуп иштеди. Жакында Ош областында жашап, Султан Ибраимович менен бирге иштешкендер, ал кишиден тарбия алгандар чогулуп КР Президентине кайрылуу кабыл алдык. Ош облусынын жана Кыргыз Республикасынын өнүп-өсүүсүнө кошкон зор салымын эске алып, Султан Ибраимовго «Кыргыз Республикасынын баатыры» деген наам ыйгаруу жөнүндө сурандык. Бул оюбузду республиканын жалпы коомчулугу колдойт деп ишенебиз.

**О.Акимбаев,**
**коомдук ишмер**

Ош шамы
гезитинин ээси:
Ош шаардык Кеңеши жана
Ош шаарынын мэриясы

Башкы редактордун
милдетин аткаруучу
ИСМАИЛОВА
Бурул Абдыкалыковна

Редакциялык кеңеш:
Аланов Арфидин Аланович
Исахов Каныбек Абдувааситович

башкы редактордун орун басары
Назгуль Абдыразакова

башкы редактордун маркетинг
боюнча орун басары
Айтмат Азамжан уулу

жооптуу редактор
Уулбү Каныбекова

баяндамачылар
Абдираим Мамытов
Салтанат Файзуллаева

дизайнер
Бекмурат Келдибаев
кабарчылар:
Аксана Арипова
Батма Суранова
Доорон Токтошев
Масим Турсунбекова
Элира Чынтемир кызы

фото кабарчы
Сыдык Токонов

Офис менеджер
Курманжан Абжапарова
башкы эсепчи
Самара Абдыкадырова

Тел.: кабылдама - 5-52-41,
факс: (03222) 5-52-41
орун басар: 7-52-83
бухгалтерия: (03222) 2-32-43

Редакциянын дареги:
Ош шаары,
Курманжан Датка, 107
e-mail: oshshamy@mail.ru
Банктагы реквизиттер:
ИНН. 02609199410014
р-с . 1032120000152607
АОА КБ "Кыргызстан",
Ош шаары БИК 103021
КРнын Адилет министрлигинен
каттоодон өткөн.
Күбөлүк №81

Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт. Фактылар үчүн авторлор жооптуу. Келген материалдар жана фотолор ээлерине кайтарылбайт. Жарнамалык макаланын мааниси үчүн жарнама берүүчү жоопкер.
Гезит редакциянын басма комплексинде терилип, жасалгаланды.
"ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.
Буюртма № 2484 Нускасы 4800